УДК 364.22

# КЫРГЫЗСТАНДА КЕДЕЙЧИЛИК ЖАНА ӨЛКӨНҮН ПРИОРИТЕТТҮҮ ТАРМАКТАРЫ

**Асылбек уулу Сапарали,** Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин
Экономика жана башкаруу факультетинин студенти
<saparbek_alimov@mail.ru>

# ЭКОНОМИЧЕСКИЕ ФАКТОРЫ, ВЛИЯЮЩИЕ НА УРОВЕНЬ БЕДНОСТИ В РЕГИОНАХ КЫРГЫЗСТАНА

**А. Сапарали**, студент Кыргызско-Турецкого университета «Манас»
Факультет экономики и управления <saparbek_alimov@mail.ru>

# POVERTY AND THE COUNTRY'S PRIORITY SECTORS IN KYRGYZSTAN

**Asylbek uulu Saparali,** the student of Kyrgyz-Turkish University “Manas”
Faculty of Economics and Management <saparbek_alimov@mail.ru>

**Абстракт**

Бул макалада бүткүл дүйнө жүзүндө, анын ичинде биздин өлкөдө да эң маанилүү, эң көйгөйлүү маселелердин бири болгон кедейчилик маселеси жана анын келип чыгуусуна таасир эткен факторлордун эконометрикалык анализи каралды. Өлкөбүздөгү кедейчиликке таасир эткен факторлор катары сабатсыздык, жумушсуздук, майыптуулук жана эмгек акылар алынды жана алардын таасири эконометрикалык анализдин негизинде көрсөтүлдү.

**Ачкыч сөздөр**: демография, багуудагылар, инфляция, иммиграция, энергетика, ИДП, инвестиция.

**Аннотация**

Рассматривается важная для Кыргызстана проблема бедности, факторы, обусловливающие ее причины и следствия. В Кыргызстане бедность порождает такие явления, как неграмотность, безработица, инвалидность, низкая заработная плата. В статье данные факторы анализируются с помощью эконометрических методов.

**Ключевые слова**: демография, иждивенец, инфляция, иммиграция, энергетика, ВВП, инвестиция.

**Abstract**

In this article, we analyzed poverty which is one of the most important problems of the world and our country, its causes and influencing factors. In our country, we have chosen illiteracy, unemployment, disability and low wages as important factors pushing the population poverty.

**Keywords**: demography, dependent, inflation, immigration, energy, GDP, investment.

Кедейчилик деп кандайдыр бир социалдык группанын же индивиддин минималдык керектөөлөрүнө, жумушка жөндөмдүүлүгүн сактоого, тукум улоого материалдык каражаттарынын жетишпестик учурун айтабыз. Дүйнөлүк банк 2015-жылга чейин “кедей” деп бир күндүк керектөөсү 1,25 АКШ долларынан ашпаган адамдарды айтып келген болсо, 2015-жылы ал чек 1,95 АКШ долларына өзгөргөн.

Кедейчилик боюнча 18-20-кылымдарда А.Смитт, Т.Мальтус, К.Маркс, Д.Рикардо изилдөөлөрүн жүргүзгөн. 19-кылымга келип кедейчиликтин алдын алуу боюнча иштер мамлекеттердин деңгээлинде жүргүзүлө баштаган.

Кедейчиликтин келип чыгуу себептери:

1) экономикалык (жумушсуздук, эмгек акынын төмөндүгү);

2) социалдык-медициналык (майыптар, улгайгандар, оорулуулар);

3) демографиялык (толук эмес үй-бүлөлөр, багуудагылар).

Багуудагылар – бирөөнүн карамагында жашагандар, башкача айтканда, мамлекеттин карамагындагылыр (пенсионерлер, балдар үйүндө жашагандар) жана ата-энесинин карамагында жашагандар. Аларды караганы үчүн ата-энеси мамлекеттик кээ бир милдеттенмелерден бошотулат.

4) Квалификациянын төмөндүгү (билимдин жоктугу, даярдоочу адистердин жетишсиздиги)

5) Саясий себеп (согуш, мажбурдуу миграция).

6) Регионалдык өнүгүүдөгү теңсиздик (инфраструктуранын бирдей болбошу)

7) Диний, философиялык, психологиялык.

Көпчүлүк учурда кедейчиликти аныктоодо деприванциондук (ажыратуу) ыкма колдонулат. Бул ыкма адамдын кирешесине эмес, анын коротууларына көңүл бурат. Жашоосун улантуусу үчүн жалпы керектөөлөрдөн тамак-аш, кийим-кече, медицина, билим берүү ж.б. баарынан кандай деңгээлде пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ экендигине көңүл болот. Жалпы керектөөлөдүн негизинде “Базалык корзина” түзүлүп алынат.

**Кедейчиликти жоюунун жолдору:**

1) Өндүрүштү колдоо.
2) Социалдык-ориентациялык саясат жүргүзүү. “Адилеттүү салык” системасын киргизүү.
3) Макроэкономикалык туруктуулук.
4) Инфляцияга каршы саясат.
5) “Минималдуу эмгек акы” программасын иштеп чыгуу.
6) Билим берүүнү кенен жайылтуу.
7) Иммиграцияны контрольдоо.

**Кыргызстанда кедейчилик**

2015-жылкы расмий маалымат боюнча, Кыргызстан калкынын 30%ы кедей эсептелип, 2014-жылга салыштырмалуу 0,06%га төмөндөгөн. Ал эми калктын 25% жакырчылыкта жашайт. Бул болжолдуу 1,8 миллион өлкө жарандары кедейчиликте өмүр сүрүп жаткандыгын кабарлайт. Кыргызстанда бир айлык керектөөлөрү 2485 сомдон аз болгон жарандар “кедей”, 1466 сомдон аз болгондор “абдан кедей” болуп эсептелет. Өлкө жаранынын жылдык накталай кирешеси 27768 (жыйырма жети миң жети жүз алтымыш) сомдон аз болсо “кедей”, 16249 сомдон аз болсо “жакыр” деп эсептелет. Эң кооптуу маселе 1-17 жаш ортосундагы балдардын 41% кедейчиликте жашайт. 143 миң мектеп курагындагы балдар толугу менен окуу караажаттарына ээ болуу мүмкүнчүлүгү жок. Жумушчулардын 57% минимумдан аз эмгек акы алышат. Кедей калктын басымдуу бөлүгү 73% же 1,23 миллиону айыл жергесиде жашайт. Региондор боюнча алып карасак, эң начар көрсөткүч Жалал-Абад облусунда орун алып, калктын 46,4% же 525000 адам, Баткен облусунда 40,7% же 196000 адам, Ош облусунда 31,7% же 390000 адам кедейчиликте жашайт. Жакырчылык Талас жана Ысык-Көл облустарында кездешпейт.

Дүйнөлүк Саламаттыкты Сактоо уюму тарабынан белгиленген күнүмдүк керектелүүчү тамак-аштын нормалык кубаттуулугу 2700 Ккал болсо, ар бир кыргызстандык күнүнө 2100 Ккал кубаттуулуктагы тамак-аш менен камсыз болууда. Бул өз учурунда иммунитеттин төмөндөшүнө, ар кандай оорулардын тез таркалуусуна, жаңы төрөлгөн балдар арасында өлүмдүн көбөйүшүнө себеп болууда.

Кыргызстанда кедейчиликтин келип чыгуу себептери:

1) Жумушсуздук.
2) Эмгек акынын төмөндүгү.
3) Толук эмес үй-булөлөр.
4) Араккечтик.

5) Майыптуулук.

6) Билимдин жетишсиздиги.

Булардын ар бирине кыскача токтололу. 2015-жылы Кыргызстанда активдүү жумушчу калк 2505 миң адамды түзүп, анын ичинде 58000 адам жумушсуз болгон. Жумушсуздар активдүү жумушчулардын 8%, жалпы калктын 2% түзөт. Алардын арасында 31000 аялдар, 27000 эркектер. Учурда өлкөдө 12500 ваканциялык бош жумуш орду бар. 2016-жылы өкмөттүн планында жумушсуздукту 7,1% планы каралган.

Таблица 1 – Региондор аралык көрсөткүчтөр

| Регион | 2003 | 2004 | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргызстан | 49.9 | 45.9 | 43.1 | 39.9 | 35 | 31.7 | 31.7 | 33.7 | 36.8 | 38 | 27 | 30.6 |
| Баткен | 84.9 | 77.8 | 59.1 | 50.9 | 40.4 | 20.7 | 31.5 | 33.6 | 35.6 | 34.2 | 53.9 | 40.7 |
| Жалал-Абад | 57.7 | 50.1 | 55.9 | 58.3 | 53 | 40.1 | 36.9 | 44.7 | 45.3 | 55.7 | 46.4 | 46.4 |
| Ысык-Көл | 52.1 | 54.1 | 51.5 | 49.3 | 45.2 | 42.7 | 44.1 | 38 | 29.5 | 28.1. | 39.5 | 26 |
| Нарын | 72.1 | 66.3 | 51.2 | 49.3 | 45.2 | 45.7 | 44.1 | 53.5 | 49.9 | 39.9 | 43.8 | 30.6 |
| Ош | 56.4 | 57 | 55.9 | 52.1 | 46.6 | 37.5 | 38.3 | 41.9 | 44.7 | 51.4 | 43.4 | 31.7 |
| Талас | 55.4 | 51.3 | 44.4 | 4. | 35.3 | 43.0 | 33 | 42.3 | 50.2 | 39.6 | 23.1 | 19 |
| Чүй | 27.7 | 21.7 | 22 | 20.1 | 15 | 15.8 | 21.2 | 21.9 | 28.6 | 16.6 | 23.6 | 21.6 |

Таблица 2 – Кыргызстанда кедей калктын үлүшү (%)

| Жылдар | 2003 | 2004 | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Үлүшү | 49.9 | 45.9 | 43.1 | 39.9 | 35 | 31.7 | 31.7 | 33.7 | 36.8 | 38 | 37 | 30.6 |

Таблица 3 – Жумушсуздук көрсөткүчтөрү

| | Жалпысы | Бишкек | Ош шаары | Баткен | Жалал-Абад | Ысык-Көл | Нарын | Ош | Талас | Чүй |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Саны | 58000 | 7000 | 2000 | 6000 | 13000 | 4000 | 6000 | 12000 | 2000 | 6000 |
| Пайыз | 8 | 9 | 4 | 13 | 8 | 9 | 10 | 7 | 4 | 9 |

Кедейчиликтин жана жумушсуздуктун дагы бир себеби – бул эмгек акынын төмөндүгү.

Кыргызстандагы инвестиция жасоого эң ыңгайлуу, приоритетүү тармактар катары энергетика жана айыл-чарба тармактарын атоого болот.

1) Энергетика-өлкөбүздүн экономикасында эң маанилүү тармактардын бири болуп саналат. ИДПнын 6%, өнөр-жайдын 17,7%, мамлекеттик бюджеттин 10%ын ээлейт. Кыргызстанда мунайзаттын – 6,3 млн. т, жаратылыш газынын – 6 млрд. $м^3$, көмүрдүн – 2,2 млрд. т запасы бар. Өлкөбүз өзүбүздүн запастар менен жаратылыш газы жана күйүүчү май менен 5% камсыздай алат. Калганын импорттоого туура келет. Гидроэнергетикалык потенциал 160 млрд. кВт/саат электроэнергияга бааланууда. Бул Борбордук Азиядагы гидроэнергетика запастарынын 38%ына барабар. Электроэнергия өндүрүү боюнча КМШда Россия жана Тажикстандан кийинки үчүнчү орунда турабыз. Учурда Кыргызстан гидроэнергетикалык потенциалынын болгону 8-9%ын гана колдонууда.

Таблица 4 – 2004-2014-жылдар аралыгында жалпы маалымат

| | 2004 | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жумушсуздук, % | 8.5 | 8.1 | 8.3 | 8.2 | 8.2 | 8.4 | 8.6 | 8.5 | 8.5 | 8.4 | 8.4 |
| Маяна, миң сом | 2.24 | 2.61 | 3.27 | 3.97 | 5.37 | 6.16 | 7.18 | 9.3 | 10.7 | 11.3 | 12.3 |
| Толук эмес үй-бүлө (Ажырашуу) | 5311 | 6097 | 6870 | 7371 | 7419 | 7381 | 8155 | 8705 | 8698 | 9052 | 9235 |
| Араккечтик | 2686 | 3265 | 3151 | 3003 | 3164 | 2931 | 3110 | 2741 | 1785 | 1597 | 1467 |
| Майыптар, миң | 12 | 12.2 | 12.2 | 11.5 | 10.2 | 11.6 | 14.4 | 15.1 | 14 | 12.3 | 11.8 |
| Билимсиздик | 4541 | 3691 | 3531 | 3353 | 2955 | 3020 | 3632 | 3981 | 3185 | 2951 | 2623 |
| ИДП, млрд. АКШ долл. | 2.2 | 2.5 | 2.8 | 3.7 | 5.1 | 4.6 | 4.6 | 6.1 | 6.5 | 7.3 | 8.3 |
| Адам башына ИДП, АКШ долл. | 433 | 475 | 443 | 722 | 966 | 871 | 880 | 1124 | 1160 | 1354 | 1561 |
| Инвестиция. млн. АКШ долл. | 176 | 210 | 336 | 437 | 886 | 661 | 661 | 849 | 521 | 534 | 663 |

2) Айыл-чарба – товарды өндүрүүдөн мурда рынокту изилдейли. “Биз эмнени өндүрө алабыз?” суроосунун ордуна “Рыноко эмне керек? Керектөөчүнүн кандай муктаждыгы бар?” суроолоруна жооп издеп көрөлү. ЕАЭБтин курамындагы өлкөлөр, өзгөчө Россия Федерациясы айыл-чарба продуктуларынан сүт, топоз эти, жумуртка, мөмө-жемиш, жашылчаларды, жүзүмдү, балык этин импорт кылып келишкен. Акыркы убакыттагы ЕБ менен болгон пикир келишпестиктин айынан жогорудагы товарлардын таңсыктыгы күч алды жана талап жогору болууда. Россия армиясы жылына 350000 аскер чакырылат. Ар бир аскердин экипировкасы үчүн 90000 (токсон миң) рубльга чейин акча коротулат. Аскердик форманын 90% койдун жүнүнөн тигилет. Кыргызстанда эт өндүрүү тармагында багылган койлордун ордуна эт жана жүн багытындагы “Гицар” породасындагы койлорун багуу. Топоздун этин деликатес катары кабыл алышат. Кыргызстан тоолуу аймак болгондуктан топоз багуу ыңгайлуу жана чыгымы аз.

Таблица 5 – Айыл-чарбадагы өндүрүмдүүлүк

| | 1 жылда 1 уй , л/сүт | 1 жылда 1 кой, кг/жүн | 1 жылда 1 тоок, жумуртка | Мөмө-жемиш, ц/га | Жашылча, ц/га | Жүзүм, ц/га |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жалпы өлкө | 2028 | 2.4 | 113 | 170.16 | 47 | 12.14 |
| Баткен | 1886 | 1.9 | 109 | 162.7 | 36.3 | 3.6 |
| Жалал-Абад | 1911 | 2 | 79 | 224.9 | 50.4 | 6.7 |
| Ысык-Көл | 2047 | 2.5 | 59 | 174 | 59.9 | |
| Нарын | 1522 | 2.3 | 49 | 121 | 19.5 | |
| Ош | 1718 | 2.3 | 90 | 121 | 47.4 | 47.2 |
| Талас | 2272 | 2.8 | 114 | 192 | 66.8 | 18.9 |
| Чүй | 2899 | 2.8 | 151 | 193 | 48.6 | 8.6 |

Жогорудагы көрсөткүчтөргө карата айыл-чарба продуктуларын өндүрүүдө ар бир региондун климаттык жана рельефтик өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен товар өндүрүү.

Жогорудагы кедейчиликтин келип чыгуусуна таасир этип жаткан факторлордун (эмгек акы, жумушсуздардын саны, майыптар, билимсиздер) жана Кыргызстанда приоритетүү деп эсептелген тармактарга жасалган инвестициянын канчалык маанилүү экендигин төмөнкү модельдер аркылуу көрсөтүүгө аракет жасайлы.

Модель 1: Kedsan = 1696373 - 46.33 ailyk + 0.66 jumsan + 2.97maiyp + 150.72 bilimsiz

Жогорудагы модель боюнча эмгек акынын 1 сомго көбөйүшү кедейлердин санын 46 адамга азайтат. Жумушсуздардын саны 1 адамга көбөйсө кедейлер 0,66, майыптардын саны 1 адамга көбөйсө кедейлер 2,97, билимсиздер 1 адамга көбөйсө кедейлердин саны 150 адамга көбөйөөрүн байкоого болот.

Модель 2: kylmysh = 19032 – 0.32 ailyk+ 0.005 kedsan + 0.85arakkech + 0.3bilimsiz.

Бул модель боюнча, эмгек акы 1 сомго жогоруласа кылмыштуулуктун 0,32ге азайаарын, кедейлердин саны 1 адамга көбөйгөндө кылмыштуулуктун 0,005 көбөйөөрүн, араккечтик 1 адамга көбөйгөндө 0,85 адамга көбөйөөрүн, билимсиздер 1 адамга көбөйсө кылмыштуулуктун 0,3 көбөйөөрүн көрүүдөбүз.

Модель 3: jumsan = 40823 - 37.3 invest.

Бул модель Кыргызстанга жасалган 1 млн. АКШ долл. инвестициянын жумушсуздукту 37,3 адамга кыскартаарын же 1 млн. долл. инвестиция 37,3 адамга жумуш ордун түзөөрүн көрсөтөт.

Модель 4: ailyk = -31.67 + 11.88 invest.

Бул модель Кыргызстанга жасалган 1 млн. АКШ долл. инвестициянын эмгек акыны 11,88 сомго жогорулатаарын көрсөтөт.

Колдонулган булактар


1. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. – Режим доступа: stat.kg
2. Кыргыз Республикасынын Айыл-чарба министрлиги. – Режим доступа: ww.agroprod.kg
3. Кыргыз Республикасынын эмгек, миграция жана жаштар министрлиги. – Режим доступа: migration.csip.kg
4. Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги. – Режим доступа: www.med.kg
5. Государственное агентство по регулированию топливно-энергетического комплекса при правительстве Кыргызской Республики. – Режим доступа: regulatortek.kg
6. Министерство сельского хозяйства Российской Федерации. – Режим доступа: www.mcx.ru
7. Федеральная служба государственной статистики РФ. – Режим доступа: www.gks.ru
8. Касымова, В.М. Энергетическая безопасность Кыргызстана и развитие межгосударственных энергетических связей в ЕврАзЭС (Центральноазиатском регионе) [Текст] / В. М. Касымова // Журнал «Евразийская Экономическая Интеграция». – 2011. – №3(12), август. – С.59-64.